**Ош шаарынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине жергиликтүү бюджетине түшүндүрмө кат**

**Бюджеттин киреше бөлүгү**

2024-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше көлөмү (бюджеттик мекемелердин атайын каражаттарын кошкондо) 2023-жылдын бекитилген бюджетине салыштырмалуу 115,0% га өсүп, же болбосо 375 650,0 миң сомго көбөйүп, 2 884 956,2 миң сомду түзүүдө, анын ичинен:

- салык кирешелери 2 176 556,2 миң сомду (жалпы бюджеттин көлөмүндө 75,4%);
- салык эмес кирешелери 508 400,0 миң сомду (жалпы бюджеттин көлөмүндө 17,7%);
- бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары 200 000,0 миң сомду (жалпы бюджеттен 6,9%) түзөт.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Мыйзамына ылайык жергиликтүү бюджетке жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрү төмөнкүдөй ченемде белгиленген:

-салык агенттери төлөөчү киреше салыгы- 100%;

-жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салык- 50%;

-патенттин негизиндеги салык - 100%.

-жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр - 20%.

Жергиликтүү бюджеттин пландык көрсөткүчтөрү 2025-жылга 3 008 963,0 миң сомду, 2026-жылга 3 155 392,0 миң сомду түзүүдө.

**Бюджеттин чыгаша бөлүгү**

Бюджеттин чыгашалар бөлүгү 2024-жылга атайын каражаттарды кошкондо 2 884 956,2 миң сомду түзүп, 2023-жылга салыштырмалуу 375 650,0 миң сомго көбөйгөн.

2024-жылга белгиленген бюджеттин чыгаша бөлүгү тармактар боюнча төмөндөгүдөй сунушталууда:

- жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар – 22,2 %;
- коргонуу – 0,2 %;
- экономикалык маселелер – 21,8 %;
- турак жай жана коммуналдык чарба – 30,8 %;
- маданият жана спорт – 4,7 %;
- билим берүү – 19,2 %;
- социалдык коргоо – 1,1 %.

**Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар** тармагына 641 738,7 миң сом каралууда, анын ичинен:

- Ош шаардык Кенешинин жана Ош шаарынын мэриясынын аппараттарын каржылоого – 133 960,1 миң сом;
- насыяларды жоюуга, Ош шаары мүчө болуп кирген Эл аралык уюмдарга жана ассоциацияларга мүчөлүк акы төлөөгө – 276 300,0 миң сом;
- мэриянын резервдик фондуна – 25 000,0 миң сом;
- Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгын, Ош шаарынын мэриясынын тышкы байланыштар жана аналитика башкармалыгын, Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык аймактык башкармалыктарын, Жапалак

айылдык аймактык башкармалыгын, Ош шаарынын мэриясынын алдындагы автогаражын каржылоого 155 738,6 миң сом каралууда.

Бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары 50 740,0 миң сомду түзүүдө.

**Коргоо тармагына** 4 699,4 миң сом каралууда, анын ичинен Ош шаардык аскер комиссариатынын, Ош шаардык топтоо пунктунун кенже тейлөөчү кызматкерлеринин эмгек акылары, имараттарынын коммуналдык төлөмдөрү, жарандарды аскердик кызматка чакыруу чыгымдары түзөт.

**Экономикалык маселелерге** 628 017,2 миң сом каралууда, анын ичинен:

- Ош шаардык автоунаа муниципалдык ишканасына жеңилдиктерден пайдаланып жүрүүгө укуктуу жарандардын жол акысына субсидия берүүгө - 50 000,0 миң сом;

- "Ош шаардык жолдор" муниципалдык ишканасынын аппаратын каржылоого – 24 025,7 миң сом, титулдук баракчасына – 480 000,0 миң сом;

- "Ош-Тазалык" атайын адистештирилген муниципалдык ишканасына субсидия берүүгө – 70 000,0 миң сом;

- "Санарип Ош" муниципалдык ишканасына – 1 491,5 миң сом.

Бюджеттик мекеме-ишканалардын атайын каражаттары - 2 500,0 миң сомду түзүүдө.

**Турак жай жана коммуналдык кызматтар тармагына** 888 883,5 миң сом каралууда, анын ичинен:

- "Оштогу көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарба комбинаты" муниципалдык ишканасына - 180 276,2 миң сом;

- "Ошсвет" муниципалдык ишканасына – 97 380,0 миң сом;

- Ош шаарынын мэриясынын жарандарды тейлөө бюросуна – 14 478,1 миң сом;

- "Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык турак жай-коммуналдык ишканасы" муниципалдык ишканасына – 24 154,1 миң сом;

- Оштогу "Жылуулуккамсыздоо" муниципалдык ишканасына субсидия берүүгө – 50 000,0 миң сом;

- Ош шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын титулдук баракчасына – 219 735,1 миң сом;

- Ош шаарынын мэриясынын капиталдык курулуш башкармалыгынын титулдук баракчасына – 300 000,0 миң сом.

Бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары - 2 860,0 миң сомду түзүүдө.

**Маданият жана спорт тармагына** 136 634,9 миң сом каралууда, анын ичинен:

- маданият, спорт жана жаштар иштери боюнча ар түрдүү иш-чараларды өткөрүүгө – 43 895,1 миң сом;

- Кармышак Ташбаев атындагы Ош шаардык борборлоштурулган китепкана тармагына – 10 231,0 миң сом;

- Жапалак айылдык аймактык башкармалыгындагы маданият үйүн кармоого – 937,4 миң сом;

- "А. Суюмбаев атындагы Ош шаардык стадиону жана "Алай" футболдук клубу" муниципалдык ишканасына субсидия берүүгө – 35 000,0 миң сом;

- "Ош шамы" гезитинин редакциясына субсидия берүүгө – 3 000,0 миң сом;

- Ош шаардык спорттук медицина жана калыбына келтирүү борборуна – 3 890,8 миң сом;

- Ош шаарынын маданият башкармалыгынын алдындагы фольклордук-эстрадалык тобуна – 10 376,2 миң сом;

- Ош шаарынын маданият башкармалыгынын, Ош шаарынын мэриясынын жаштар иштери боюнча комитетинин, Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетинин аппараттарын каржылоого – 24 988,0 миң сом:

- Ош шаарынын маданият башкармалыгынын эсепканасын (бухгалтерия) каржылоого – 1 816,4 миң сом.

- Ош ТВ телерадио борборуна субсидияга – 2 000,0 миң сом.

Бюджеттик мекелердин атайын кажаттары - 500,0 миң сомду түзүүдө.

**Билим берүү тармагына** 554 694,4 миң сом каралууда, анын ичинен:

- жалпы билим берүү уюмдарындагы 1-4-класстардын окуучуларынын тамак-ашына – 81 863,4 миң сом, бала-бакчалардагы балдардын тамак-ашына – 52 721,1 миң сом, мектеп интернаттарындагы, “Алтын Уя”, “Лотос” балдар үйлөрүндөгү балдардын тамак-ашына – 1 766,6 миң сом, № 11 В.Терешкова, № 12 Н.Крупская атындагы мектеп-интернаттарындагы балдардын тамак-ашына – 8 861,7 миң сом жана спорт мектебиндеги балдардын тамак-ашына – 1 870,0 миң сом;

-мекемелердин коммуналдык төлөмдөрүнө (байланыш кызматы, суу, электроэнергия, жылуулук, газ, көмүр) – 167 485,9 миң сом;

-мугалимдердин жана тарбиячылардын коммуналдык төлөмдөрүнө жеңилдиктерге – 17 464,0 миң сом;

-бала бакчаларга, мектептерге жана башка мекемелерге (спорт мектептери, балдар үйү, балдардын чыгармачылык борборлору, эсепканалар жана билим берүү башкармалыгынын аппараты) эмеректерди, парталарды, компьютерлерди сатып алууга, оңдоп-түзөө иштерине жана башка чыгымдарга – 79 561,7 миң сом.

Билим берүү мекемелеринин атайын каражаттары - 143 100,0 миң сомду түзүүдө.

**Социалдык коргоо тармагына** 30 288,1 миң сом каралууда, анын ичинен:

- Ош шаарынын жарандарын социалдык жактан коргоо боюнча иш-чараларга – 8 876,0 миң сом;

- “Боорукердик” үй-интернатына – 15 688,1 миң сом;

- Ош шаарынын мэриясынын алдындагы көп тармактуу “Үй-бүлөгө жана балдарга жардам берүү борбору” мекемесине – 4 778,6 миң сом;

- Ардагерлер Кенешине – 645,4 миң сом.

Бюджеттик мекемелердин атайын каражаттары - 300,0 миң сомду түзүүдө.

Ош шаарынын 2025-2026-жылдарга жергиликтүү бюджетинин төмөнкүдөй пландык көрсөткүчтөрү 2025-жылга 3 008 963,0 миң сомду, 2026-жылга 3 155 392,0 миң сомду түзүүдө.